5. АТА-ЭНЕ

Бириң айсың, бириң күнсүң көктөгү,
бириң жерсиң, бириң анын гүлдөрү.
Силер барда айланамда жарыктык
кармап турган сымал бекем дүйнөнү.

Атам айым, апам күнүм таалайым,
Тизе бүгүп кызматыңар кылайын.
Кабыл кылса жаратканым тилегим,
Бактыбызга бар болгула, ылайым.

Ар какканда жүрөгүмдүн дабышы,
Ата-Апам деп согот ар бир кагышы.
Тирүүлүктө байлыгым да өзүңөр,
Тең келе албайт ааламда бүт баарысы.

25.03.2018
Сөзү: Гүлзат Кудайбердиева.
Обону: Жылдызбек Мирзакасимов.
https://youtu.be/0v92Z09LGGc